БЕКИТЕМ
Кыргыз Республикасынын
Саламаттык сактоо министрлигинин
алдындагы Дары каражаттары жана
медициналык буюмдар
департаментинин
директорунун орун басары
Кысанов Т.А.
«3» ____________ 2025-ж.

# ДАРЫ ПРЕПАРАТЫН МЕДИЦИНАДА КОЛДОНУУ БОЮНЧА НУСКАМА

## ГЕРБИОН® ЧЫРМООК

**Соодадагы аталышы**
Гербион® чырмоок

**Эл аралык патенттелбеген аталышы**
Чырмоок жалбырактарынын экстракты

**Дарынын түрү**
Соруу үчүн таблеткалар

**Курамы**
Соруу үчүн 1 таблетка төмөнкүлөрдү камтыйт:
*Активдүү зат*: чырмоок жалбырактарынын кургак экстракты (5-7,5:1)[1] - 35 мг.
*Көмөкчү заттар:* изомальт (М тиби) (Е953), лимон кислотасы (Е330), сукралоза (Е955), карамель жыпар жыт бергичи[2], цитрус жыпар жыт бергичи[3], ачуу жалбыз жалбырагынын майы.
[1] Чырмооктун жалбырактарынан чырмоок жалбырактарынын кургак экстракты (Hedera helix L., Аралиев түркүмүнөн (Araliaceae), folium). Дарылык өсүмдүк материалынын өлчөмүнүн баштапкы экстракттын көлөмүнө болгон катышы: 5-7,5:1.
Экстрагент: 30 % этанол (м/м).
[2] Карамель жыпар жыт бергичи төмөнкүлөрдү камтыйт: табигый даам бергич зат, жыпар жыт бергич, пропиленгликоль (Е1520), суу.
[3] Цитрус жыпар жыт бергичи төмөнкүлөрдү камтыйт: табигый даам бергич зат, жыпар жыт бергич, бутилгидроксианизол (Е320).

**Сүрөттөмөсү**
Ачык күрөңдөн күрөң түскө чейин кыры кыйылган жана орой бети бар тегерек

таблеткалар. Сарыдан күрөң түскө чейинки тактар, ачык тактар, аба көбүктөрү жана бир аз орой четтерине жол берилет.

**Фармадарылык тобу**

Сасык тумоонун жана жөтөлдүн симптомдорун басаңдатуучу препараттар. Экспекторанттар, жөтөлдү басуучу каражаттар менен айкалыштыруудан тышкары. Какыртуучу препараттар. Чырмоок жалбырактарынын экстракты.
АТХ коду: R05CA12

**Фармакологиялык касиеттери**

Препараттын курамында муколитикалык жана бронхоспазмолиттик каражаттын ролун аткарган кадимки чырмооктун жалбырактарынын кургак экстракты бар. Препарат какырыктын илешкектүүлүгүн азайтууга жардам берет, какырыктын чыгышын жеңилдетет жана жөтөлдү басаңдатат.

**Колдонууга көрсөтмөлөр**

Гербион® чырмооктон жасалган соруу үчүн таблеткалар препараты нымдуу жөтөлдө какырык чыгаруучу каражат катары колдонулат.

**Дозалоо режими жана колдонуу жолу**

*Чоңдор, өспүрүмдөр жана 6 жаштан жогорку балдар:* соруу үчүн 1 таблеткадан күнүнө 3 жолу (күнүнө 105 мг кургак чырмоок жалбырагынын экстрактысына туура келет).
Таблетканы толугу менен эригенге чейин ооздо сорулушу керек.
Гербион® чырмоок препараты менен дарылоо мезгилинде жылуу сууну же чайды жетиштүү өлчөмдө ичүү сунушталат, бирок таблетканы соргондон кийин дароо эмес.
Таблеткаларды тамактын алдында же тамак учурунда түздөн-түз кабыл алууга болбойт.
Дарылоонун узактыгы - 7 күн. Курсту кайталоо - дарыгердин сунушу боюнча гана мүмкүн.
*2 жаштан 5 жашка чейинки балдар үчүн, бул дары формасындагы препаратты дозалоого мүмкүн эмес болгондуктан, Гербион® чырмоок сироп препаратын колдонуу сунушталат.*
*2 жашка чейинки балдарда колдонуу каршы көрсөтүлгөн.*

**Каршы көрсөтмөлөр**

Активдүү затка, аралиев түркүмүндөгү башка өсүмдүктөргө же препараттын кандайдыр бир көмөкчү заттарына карата болгон жогорку жеке сезгичтүүлүк.
Респиратордук симптомдордун күчөп кетүү коркунучунан улам 2 жашка чейинки балдарга каршы көрсөтүлгөн.

**Жагымсыз реакциялар**

Бардык дары каражаттары сыяктуу эле, Гербион® чырмоок препараты айрым учурларда кыйыр натыйжаларды жаратышы мүмкүн.
Тез-тез (≥1/100 до <1/10):
- жүрөк айлануу, кусуу, диарея.
Көп эмес (≥1/1000 до <1/100):

- бөрү жатыш, териде бөртмөлөр, купероза же дем алуунун кыйындашы, анафилактикалык реакция түрүндө пайда болуучу аллергиялык реакциялар.
Аллергиялык реакциялар пайда болгон учурда препаратты колдонууну токтотуп, дарыгерге кайрылуу керек.

**Колдонуу боюнча өзгөчө көрсөтмөлөр жана алдын алуучу этияттуулук чаралар**
Эгерде 7 күн дарылангандан кийин оорулуунун абалы жакшырбаса, же дем алуусу кыйындаса, ириңдүү какырык чыгып, температурасы көтөрүлсө, дарыгерге кайрылуу керек.
Адисттин алдын ала кеңешисиз кодеин же декстрометорфан сыяктуу жөтөлгө каршы каражаттар менен бирге колдонуу сунушталбайт. Курч стадияда ичеги-карын оорулары менен ооруган пациенттер эттиятык менен кабыл алышы керек.
*Препараттын айрым ингредиенттери жөнүндө маанилүү маалымат*
Гербион® чырмоок соруу үчүн таблеткалар препараты изомальтты камтыйт. Муну тукум куучулук фруктозаны көтөрө албастык менен ооруган бейтаптар эске алуусу керек.

***Кош бойлуулук жана эмчек эмизүү мезгилинде колдонуу***
Кандайдыр бир препараттарды кабыл алуудан мурун, дарыгер менен кеңешүү керек. Кош бойлуу жана эмчек эмизүү учурунда колдонуунун коопсуздугу боюнча маалыматтардын чектелгендигинен улам, препарат бул категориядагы бейтаптарга сунушталбайт.

***Унаа каражаттарын, механизмдерди башкаруу жөндөмдүүлүгүнө тийгизген таасири***
Препараттын авто унаа жана башка механизмдерди башкаруу жөндөмдүүлүгүнө таасири тууралуу айтылган эмес.

**Башка дары препараттары менен өз ара таасири**
Препаратты кабыл алууну баштоонун алдында кандайдыр бир дары каражаттарды кабыл алып жатсаңыз же жакында эле кабыл алган болсоңуз, дарыгерге айтуу керек.
Башка дары каражаттары жана тамак-аш менен өз ара таасири боюнча маалыматтар жок.

**Ашыкча доза**
Сунушталган дозадан ашык кабыл албоо шарт.
*Симптомдор*: эки эседен ашык суткалык дозаны кабыл алууда, жүрөк айлануу, кусуу, диарея, толкунданууучу абал пайда болушу мүмкүн.
*Дарылоо*: симптоматикалык.
Өткөрүлгөн дозанын ордун толтуруу үчүн таблеткалардын эки эселенген дозасын кабыл албаш керек.

**Жарактуулук мөөнөтү**
3 жыл.
Жарактуулук мөөнөтү өткөндөн кийин колдонууга болбойт.

**Сактоо шарттары**

Нымдуулуктан коргоо максатында 25°С дан жогору эмес аба табында оригиналдуу таңгакта сактоо керек.

Балдар жетпеген жерде сактоо керек.

**Чыгаруу формасы жана таңгакчасы**

Соруу үчүн таблеткалар

ПВХ/ПЭ/ПВДХ фольгада жана алюминий фольгада блистерде 8 таблеткадан.

2, 3 же 4 блистер колдонуу боюнча нускамасы менен бирге картон кутучага салынат.

**Берүү шарттары**

Рецепти жок берилет.

**Өндүрүүчү**

КРКА, д.д., Ново место, Шмарьешка цеста 6, 8501 Ново место, Словения

**Таңгактоочу**

КРКА, д.д., Ново место, Рада Пушеньяка көчөсү, 10, 9240 Лютомер, Словения

**Кыргыз Республикасынын аймагында дары каражаттарынын сапаты боюнча арыз-доолорду (сунуштарды) кабыл алуучу уюмдун аталышы жана дареги:**

КРКА өкүлчүлүгүнүн кеңсеси, д.д., Кыргыз Республикасы, Бишкек ш.

Телефону: +(996) 312 662 250

Электрондук дарек: pharmacovigilance.KG@krka.biz